*Дуйшеналиев Жумабек Сапаралиевич*
*Музыка таануучу*
*Кыргыз билим берүү академиясы*

# КЫРГЫЗ ХОР КАПЕЛЛАСЫНЫН АТКАРУУЧУЛУК ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ ЖАНА ACAPPELLA ЖАНРЫНЫН КАЛЫПТАНЫШЫНА ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ (1938-1963-ж.ж.)

*Дуйшеналиев Жумабек Сапаралиевич*
*Музыковед*
*Кыргызская академия образования*

# ИСПОЛНИТЕЛЬНОЕ ТВОРЧЕСТВО КЫРГЫЗСКОЙ ХОРОВОЙ КАПЕЛЛЫ И ВЛИЯНИЕ НА ФОРМИРОВАНИЕ ЖАНРА CAPELLA (1938-1963 гг.)

*Duyshenaliev Jumabek Saparalievich*
*Musicologist*
*Kyrgyz Academy of Elication*

# THE CREATIVE WORK OF THE KYRGYZ CHOIR CHAPEL AND ITS INFLUENCE ON THE GENRE OF CAPELLA (1938-1963)

***Аннотация:*** *Бул макалада, Т. Сатылганов атындагы Кыргыз Мамлекеттик филармониянын алдындагы Мамлекеттик хор капелласынын 1938-1963-жылдар аралыгындагы аткаруучулук чыгармачылыгы жана acappella жанрынын калыптанышына тийгизген таасири, кыргыз музыкалык искусствосунда хор капеллесы жөнүндө архивдик материалдар анализденет.*

***Аннотация:*** *В этой статье производится анализ исполнительного творчества Государственной хоровой капеллы при Кыргызской Государственной филармонии им. Т.Сатылганова в 1938-1963 гг. и его влияние на формирование жанра cappella, а также архивных материалов хоровой капеллы в кыргызском музыкальном искусстве.*

***Annotation:*** *This article analyzes the executive work of the State Choral Capella at Toktogul Satylganov Kyrgyz State Philharmonic in 1938-1963 years and its influence on the formation of the genre capella, as well as the archival materials of the choral chapel in the Kyrgyz musical art.*

***Түйүндүү түшүнүктөр:*** *хор капелласы, acappella жанры, унисон, куплеттик-форма, период, вариация, форма, куплеттик-вариациялык, хор искусствосу, хор коллективи.*

***Ключевые слова:*** *хоровая капелла, жанр a cappella, унисон, куплетная-форма, период, вариация, форма, куплетная-вариация, хоровое искусство, хоровой коллектив.*

***Key words:*** *choral chapel, genre a cappella, unison, couplet-form, period, variation, form, verse-variation, choral art, choral collective.*

Кыргыз Республикасында музыкалык искусствонун эң жаш түрлөрүнөн болуп хор менен ырдоо эсептелет. Октябрь революциясынан кийинки, Совет доорунун биринчи жылдарында хор менен унисондо ырдоо өтө эле аз кездешкен. «...Кыргызстан Эл Комиссарлар Советинин алдындагы искусство иштери боюнча Башкармасынын 1936-жылы

29-октябрдагы № 18 буйругу менен отуз бир артисттин чегинде, эл аспаптар оркестри жана хор коллективи» [1: 38], өз алдынча иштей турган концерттик топко айландырылат. Ага чейин эл аспаптар оркестри менен хор колективи Кыргызстан Эл Комиссарлар Советинин алдындагы искусство иштери боюнча Башкармалыгынын алдында өз ишин алып барган жана аларга баш ийген. Ошол кезде «...Кыргыз Мамлекеттик филармониясынын көркөм жетекчиси болуп, композитор В. Фере, эл аспаптар оркестринин жектекчиси П. Шубин бекитилет. Дирижер-хормейстер катары композитор И. Коцык, 1936-37-жылдары Фрунзе шаарына келип Кыргыз музыкалык-драмалык театрында алгачкы хормейстер болуп эмгектенген. Ал 1937-жылдын аягында Польшага көчүм кетет да, андан аркы чыгармачылыгы белгисиз бойдон калат. Ошондой эле, хормейстер Я. Чмелёв, балетмейстер П. Холфин, ал эми филармониянын директору болуп М. Токобаев даййындалат» [2: 23]. Демек, Мамлекеттик филармониянын жетекчилиги чыныгы профессионал адистер менен толукталып кыргыз маданиятынын өсүүсүнө себеп болгон.

1938-жылдын күз айларында Кыргыз Мамлекеттик филармониянын алдында талanттуу отуз жаш артисттен турган Мамлекеттик хор капелласы уюштурулат. Ошол учурда хор менен ырдоо маданиятынын эң жөнөкөй көндүмдөрү болбогондуктан, бардык нерсени баштапкы «алиппесинен» баштоого туура келген. Түзүлгөн хор капелласы менен алгач, хормейстерлер М. Пейсаков [3: 29] андан кийин А. Воронцов [4: 14] иштеген. Андан кийин эле 1938-жылдын аягында, Москва шаарында өтө турган Кыргыз искусствосунун биринчи декадасына (он күндүк) болгон даярдыктар башталат. Бул маанилүү иш чараны уюштуруу иштери, ошол кездеги филармониянын көркөм жетекчиси, улуттук музыкалык маданиятыбыздын өнүгүшүнө зор салым кошуп келген таланттуу композитор В. Фереге тапшырылат.

Хор капелласы үчүн кыска убакыттын ичинде репертуар түзүлүп, аны хордун артистерине үйрөтүү иштери негизги максаттардан болот. Хор капелласы мындай жоопттуу жумушка чебер чыгармачылык, өтө берилүү жана чоң активдүүлүк менен кирише баштайт. Ошентип, Москвада өткөн Кыргыз ССРинин искусство чеберлеринин биринчи декадасында, хор капелласы кыргыз композиторлорунун хордук чыгармаларын жана башка боордош элдердин ырларын абдан ийгиликтүү, жогорку чеберчиликте аткарышат. Биринчи декададан кийин филармониянын Мамлекеттик хор каппелласы менен эл аспаптар оркестри Крымда жана Кавказда гастролдо болушат. Гастролдон борбор каалага кайтып келгенден кийин, Республиканын Жогорку Советинин экинчи сессиясында депутаттарга жана шаардын тургундарына кеңейтилген отчеттук концерт беришет.

Демек, Мамлекеттик хор капелласынын концерттик программасы ошол учурдун талабына жогорку деңгээлде жооп бергендигин айгинелеп турат. Кыргыз искусствосуна абдан активдүү кызыккан, тажырыйбалуу, таланттуу дирижер-хормейстер жана педагог Яков Чмелев 1940-жылдан баштап Кыргыз Мамлекеттик хор капелласынын жетекчилигине келет. Ушул жылдары хордун жардамчысы катары, жаш хормейстер С. Юсупов келип кошулат. Я. Чмелевдун жетекчилиги астында хор капелласы П. Чайковскийдин - «Ночезала тучка», «Соловушка», В. Калинниковдун - «Жаворонок», «Кондор»[1] аттуу көлөмдүү чыгармалары менен иштей башташат. Я. Чмелевдун жетекчили астында түзүлгөн капелланын репертуалары, анын жогорку профессионал дирижер-хормейстер экендигин белгилеп турат.

Демек, капелланын жалпы аткаруучулук деңгээли жана атайын вокалдык-хордук каражаттарды колдонуусу, чыгарманын көркөм-образдык мазмунун ачып берүүсү,

[1] Орус композитолорунун чыгармалары өз аталышында, орус тилинде берилди.

бир канча ишенимдүү ишке ашырылганын билгилейт. Ошондой эле, аткаруучулуктун көркөм образынын жыйындысын берип турган хор чыгармаларынын темпи, динамикасы, агогикасы, тембри, фразировкасы, үндөрдүн куюлушуу мүнөзү жогорку профессионалдык бийиктикке чыгат. Хор капелласында аткаруучулуктун көркөм образын жаратуу иштери менен хорду дирижерлоонун жаңы методдорун колдонуу каражаттары бир канча адекваттуу ишке ашыргандыгы байкалат. Ошондой эле, капелланын жетекчисинин дирижер катары таасирдүү каражаттарды колдонуусу жүрөт. Демек, дирижер-хормейстирдин жогорку профессионалдуулугунун негизинде дирижердук «тегиздик», дирижердук корпус, колдун манжалары, чыканактын, ийиндин ролу, дирижердук шилтемдин кенендиги менен көлөмү, чыгарманын фразасы менен кульминациясынын логикалык жактан байланышын угуучуларга жеткиликтүү берип туруусу, хор капелласынын аткаруучулук чыгармаларчылыгынын өнүгүүсүн тастыктайт жана хордук чыгармаларды жогорку чеберчиликте аткарууга чоң жардам бергендиги маалым болуп турат десек болот.

1947-жылдын башталышынан, 1952-жылдын июль айына чейин, Мамлекеттик хор капелласын таланттуу дирижер-хормейстер Т.Троянский жетектейт. Ал, жогорку чеберчиликте чыгармачылык менен иштеп, хорду башкача нукта түзөт жана даярдайт. Т.Троянский капелланын хордо ырдоо маданиятын жогорулатууга жана өнүктүрүүгө абдан көп убакыт жумшайт.

Демек, хордогу вокалдык, ыргактык, интонациялык, ансамблдик, вокалдык-хордук техникалык кыйынчылыктарды кылдаттык менен жеңүүнүн жана аткаруучулуктун «идеалдуу» оюн ишке ашыруу процессинин натыйжасында, дирижер-хормейстер Т.Троянский хордо ырдоонун жогорку маданияттуулугуна жетишкен. Ошондой эле, ал, Фрунзедеги (азыркы Бишкек ш.) музыкалык орто окуу жайында педагогикалык ишмердүүлүккө да көп көңүл бурган. Себеби, келечектеги билимдүү хор боюнча адистерди даярдоо зарыл экендигин тынчсызданууменен туйган. Кийинчерээк анын таланттуу окуучуларынын бири, Ч. Жумаканов Мамлекеттик хор капелласынын дирижёр-хормейстри болуп эмгектенген. Ч. Жумаканов элдик обондорду хор үчүн иштеп чыгуу менен катар, абдан көп нукура хор үчүн оригиналдуу чыгармаларды жазган жана кыргыз хор музыкалык адабиятына аябагандай зор эмгек жасаган.

Дирижёр-хормейстер Р.Хубларов, 1953-жылдын октябрь айынан баштап Кыргыз мамлекеттик хор капелласын жетектей баштаган. Ошол мезгилден баштап хор капелласы, аткаруучулук жактан бир канча татаал болгон нукура a cappella жанрындагы хордук чыгармалар менен иштегенин архивдик материалдар тастыктайт. Р. Хубларовдун учурунда хор капелласынын репертуарынын көпчүлүк бөлүгүн орус жана батыш композиторлорунун эки, үч бөлүктүү көлөмдүү хордук чыгармалары түзгөн.

Демек, дирижер-хормейстер хор капелласынын аткаруучулук багытын толугу менен батыштык академиялык вокалдык-хордук ыкмага бурган. Себеби, орус жана батыш композиторлорунун хордук чыгармалары ошону талап кылган. Ошондой эле, жалпы хор искусствосунун аткаруучулук принциптерине ылайык, чыгармадагы жалпы функционалдык белгилер, хордун гармониялык, гомофондук-гармониялык, полифониялык, канондук, аралаш хордук фактуралар жана ар бир аккорддордун гармониялык жактан таза интонациялуу жана сапаттуу угумдуулугун угуучуларга жеткирүүнү максаттанган. Ошентип, хор капелласы, хормейстердин жогорку чеберчилигинин негизинде, аткарылып жаткан хор чыгармаларынын мазмунун, хордук аткаруучулук искусствосуна тиешелүү болгон таасирдүү вокалдык-техникалык каражаттарды колдонуу аркылуу, «композитор-аткаруучу-угуучу» үчилтиги менен бол-

гон түзүмдүк өз ара байланышты, жогорку профессионалдык деңгээлде, чеберчилик менен мүнөздөп угуучуларга тартуулап берген.

Демек, бардык эле *композиторлор,* кандай гана чыгарма жазышпасын, мейли вокалдык, мейли аспаптык же аспаптык симфониялык ж.б. Ал чыгармалардын аткаруучулары болот. Ошентип, *композитор-жаратман* менен *аткаруучу-жаратман* - тигил же бул чыгарманын жалпы идеялык мазмунун, музыкалык-эстетикалык табитин, көркөм-эстетикалык сүрөттөлүүсүн, чыгарманын ички руханий баалуулуктарын композитор-аткаруучу аттуу «дуэттин» иш аракеттеринин жыйынтыгында - угуучуларга тартуулашат.

Кыргыз Мамлекеттик хор капелласынын, улуттук музыкалык маданиятыбызга жана анын тарыхына кошкон дагы бир маанилүү салымы болуп, өз учурунда кыргыз элине белгилүү болгон көптөгөн маданият кызматкерлерин жана белгилүү аткаруучуларды тарбиялап чыгаргандыгында. Алар төмөнкүлөр: «Кыргыз ССРинин Эл артистери М.Махмутова менен А. Мырзабаев [5: 39], ошол кездеги филармониянын солисткасы Н.Тойгомбаева», Кыргыз Мамлекеттик хор капелласы түзүлгөн күндөн баштап «...жыйырма жылдан ашык эмгектенген М.Бошкоев, Б. Ашимбекова, А. Умаралиева, В. Жеребков» [6: 11] сыяктуу артистердин улуттук хор маданиятына кошкон салымы аябагандай зор болгон.

1940-жылдан, 1963-жылга чейин Мамлекеттик хор капелласы республикабыздын көптөгөн шаарларында, алыскы райондорунда жана мурунку Союздун бир канча шаарларында ар дайым гастролдордо болгон. Айрыкча, «...Улуу Ата-Мекендик согуш жылдары хор капелласы аскердик бейтапканаларда, аскер бөлүктөрүндө жана Кыргызстандын эмгек талааларында жогорку чыгармачылык, эргүү менен концерттик программаларды тартуулашкан» [7: 35].

Демек, Кыргыз Мамлекеттик хор капелласы, улуттук хор музыкасынын угумдуулугу, музыкалык көркөм-эстетикалуулугу жана хор музыкасынын көркөм каражаттары аркылуу, кыргыз жана башка республикалардын элдеринин угуучуларынын эстетикалык табитин, музыкалык-эстетикалык маданияттуулугун жогорулатууга жана угуучуларды хор музыкасын сүйүүгө, музыкалдуулукка тарбиялоого зор эмгек сиңирген.

1940-50-жылдары а cappella жанрында, композитор М. Абдраев бир нече оргиналдуу хордук чыгармаларды жазат. Ал эми, 1950-жылдары Кыргыз музыкалык искусствосуна жаш композиторлордун бир канча тобу келип кошулат.

Жыйынтыгында, 1938-1963-жылдар аралыгындагы Мамлекеттик хор капелласынын аткаруучулук чыгармачылыгы, улуттук хор искусствосунун жана кыргыз композиторлорунун а cappella жанрында жаратышкан хордук чыгармаларынын калыптанышына тийгизген таасири төмөнкүлөр болгон.

Алар:

1. Көрсөтүгөн мезгилдеги хор искусствосуна коюлган талаптардын шартында, кыргыз хор искусствосунун а cappella жанрында жаратышкан кыргыз композиторлорунун позициясы, чыгармачылык жана көркөм–эстетикалык кадыр баркы, чыгармачылык чеберчилиги, жаңы формаларды жана таасирдүү каражаттарды изденүү процесси активдүү жогорулаган жана профессионалдык деңгээлде калыптанган.

2. А cappella жанрындагы кыргыз композиторлорунун хордук чыгармаларында, додекафония[2], сонористика[3], микрополифония[4]

---

[2] **Додекафония** (δώδεκα грекчеден алганда — *он эки*, ал эми φωνή грекчеден алганда - *үн*) —музыкалык композициянын техникасы, “он эки гана тондун бири-бири менен болгон мамилелештиги” сериядан колдонгон сериялуу техниканын бир түрү.

[3] **Сонористика** (Sonorus латынчадан алганда – шаңгыраган, заңылдаган, шуулдаган) XX кылымдын 50-жылдарында түзүлгөн заманбап музыканын, бирден-бир музыкалык багыттарынан болот.

[4] **Микрополифония** - бул, венгер композитору Дьёрд Лигет тарабын иштелип чыккан музыканын теориясындагы полифониялык жазуунун өзгөчө авангарддык

сыяктуу XX кылымдагы композитордук техниканы, жогорку чыгармачылык менен колдонушуп, жазылган чыгармаларын хор капелласынын коллективи аркылуу апробациядан өткөзүшкөн. Демек, хор капелласынын аткаруучулук чыгармачылыгынын негизинде a cappella жанры кыргыз улуттук хор маданиятынын тарыхында жанр катары толугу менен калыптанган жана жалпы кыргыз улуттук композиторлорунун чыгармачылыгына, андан ары өнүгүп өсүүсүнө зор эргүү берген.

3. Капелланын жалпы аткаруучулук деңгээли жана атайын вокалдык-хордук каражаттарды колдонуусу, чыгарманын көркөм-образдык мазмунун ачып берүүсү, бир канча ишенимдүү ишке ашырылгандыгынын негизинде, улуттук маданиятыбыздын аң-сезимине, хордук чыгарманын көркөм-эстетикалык, образдык-эмоционалдык, атуулдук-мекенчилдик мазмунун көп үндүү *a cappella* жанры аркылуу, хор менен ырдоо искусствосун, коомдун калың катмарына тартуулай алган.

4. *A cappella* жанрынын калыптанышына Кыргыз Мамлекеттик хор капелласы чыгарманын идеялык мазмунун улуттук хор музыкасынын угумдуулугу, музыкалык көркөм-эстетикалуулугу жана хор музыкасынын көркөм каражаттары аркылуу ачып берүү менен кыргыз элинин угуучуларынын эстетикалык табитин, музыкалык-эстетикалык маданияттуулугун жогорулатууга жана угуучуларды көп үндө хор менен ырдоо маданиятын сүйүүгө, музыкалдуулукка тарбиялоо менен хор искусствосуна болгон коомдун психологиясынын өзгөрүүсүнө чоң таасир тийгизген.

Тилекке каршы, биздин колубузда болгон тарыхый-фактологиялык материалдарды талдоого алганыбызда белгисиз, түшүнүксүз себептерден улам, 1963-жылы Т. Сатылганов атындагы Мамлекеттик филармониянын алдындагы Мамлекеттик хор капелласы, СССРдин Өкмөтүнүн чечими менен коллектив катары өз ишин токтотуп, таркатылып жиберилет.

**Адабияттар:**


1. Мамлекттик Борбордук Архив. Кыргыз Республикасы. 1603. Оп.3. Д.4. 38-б.
2. Ушул жерде. 23-б.
3. Ушул жерде. 29-б.
4. Ушул жерде. 14-б.
5. Ушул жерде. 39-б.
6. Ушул жерде. 11-б.
7. Ушул жерде. 35-б.


***Рецензент: д.п.н., профессор***
***Добаев К.Д.***

көркөм чыгарманын өнөкөт болгон стили. Микрополифониялык техниканы XX кылымдын композиторлору жана азыркы учурдун композиторлору өз чыгармаларында колдонушуп келишүүдө.